№ 4062-ФХД/23 09.09.2023

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# БУЙРУК

**Ош шаары**

**ОшМУнун уюштуруу-башкаруу структурасын бекитүү жөнүндө**

ОшМУнун уюштуруу-башкаруу структурасын, административдик кызматтарынын жана структуралык бөлүмдөрүнүн штаттык жадыбалын оптималдаштыруу боюнча комиссиянын 2023-жылдын 04-сентябрындагы отурумунда кабыл алынган (№5 протокол, көчүрмөсү тиркелет) чечиминин негизинде:

1. ОшМУнун жалпы уюштуруу-башкаруу түзүмү бекитилсин (тиркемеге ылайык);

2. Уюштуруу-башкаруу түзүмү төмөнкүдөй өзгөрүүлөр менен бекитилсин:

2.1. Окуу бөлүмү **Академиялык иштер башкармалыгы** болуп кайра түзүлсүн;

2.2 Билим берүүнүн сапаты бөлүмү **Билим берүүнүн сапаты жана лицензиялоо департаменти** болуп кайра түзүлсүн;

2.3. Кошумча кесиптик билим берүү боюнча “Адис” окуу борбору, мугалимдердин билимин өркүндөтүү институту, квалификацияны жогорулатуу институту бириктирилип, **Квалификацияны жогорулатуу борбору** болуп кайра түзүлсүн;

2.4. Өндүрүштүк практика бөлүмү, педагогикалык практика бөлүмү жана кадрлар бөлүмүнөн 1 (бир) улук инспектор штаттык бирдиги (мурдагы карьера борборундагы штаттык бирдик) менен бириктирилип, **Практика жана карьера борбору** болуп кайра түзүлсүн;

2.5 Илимий-изилдөө бөлүмү **Илим жана инновация бөлүмү** болуп кайра түзүлсүн;

2.6. Билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн курамынан чыгарылып, **Рейтинг бөлүмү** болуп өз алдынча түзүлсүн;

2.7. Жаштар бизнес паркы **Бизнес паркы** болуп кайра түзүлсүн;

2.8. **Ички аудит кызматы** түзүлсүн;

2.9. Студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү өзгөртүлүп, **Маданий-массалык жана тарбиялык иштер бөлүмү** катары түзүлсүн;

2.10. “Маркетинг, коммуникация жана коомчулук менен байланыштар борбору” маалымат бөлүмү өзгөртүлүп, **Маалымат жана коомчулук менен байланыш борбору** катары түзүлсүн;

2.11. Data-борбору менен компьютерлерди техникалык тейлөө жана маалымат технологиялары бөлүмү бириктирилип, **Маалыматтык технологиялар жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө борбору** болуп түзүлсүн;

2.12. Эл аралык байланыштар департаменти **Эл аралык байланыштар бөлүмү** катары түзүлсүн;

2.13. Аспирантура сектору, докторантура, PhD докторантура сектору жана өз алдынча диссертациясынын үстүнөн иштеген илим изденүүчүлөр бөлүмү бириктирилип, **Аспирантура жана докторантура бөлүмү** болуп түзүлсүн;

2.14. **Ректордун кеңсеси** түзүлсүн;

2.15. **Орто кесиптик билим берүү департаменти** түзүлсүн;

2.16. Илимий иштери боюнча проректору кызмат орду **Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору** болуп өзгөртүлсүн;

2.17. Инвестиция жана өнүгүү боюнча проректору кызмат орду **Инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору** болуп өзгөртүлсүн;

2.18. Студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректору кызмат орду **Коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректору** болуп өзгөртүлсүн;

2.19. Сырттан жана дистанттык билим берүү боюнча проректору кызмат орду **Санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректору** болуп өзгөртүлсүн;

2.20. **Тышкы байланыштар боюнча проректору** кызмат орду түзүлсүн;

2.21. Орто кесиптик билим берүү уюмдары менен иштөө боюнча проректору кызмат орду жоюулсун..

3. Өзгөртүлүп жана жаңыдан түзүлгөн түзүмдөрдүн штаттык курамын т Пландоо-финансылык бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Негиз:** ОшМУнун уюштуруу-башкаруу структурасын, административдик кызматтарынын жана структуралык бөлүмдөрүнүн штаттык жадыбалын оптималдаштыруу боюнча комиссиянын төрагасы, э.и.д. К.К.Токторовдун билдирүүсү

**Ректор:** **К.Г.Кожобеков**

Аткарган: КБнын улук инспектор Табалдыева Н.
Байланыш тел. 0 (3222) 7-06-31

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

№ 4062-ФХД/23 09.09.2023

"Бекитемин"
ОшМУнун ректору,
проф.Кожобеков К.Г.
"__" ______ 2023-ж

# Ош мамлекеттик университетинин уюштуруучулук-башкаруучулук түзүмү

